УДК 371.315.6

# ОКУУЧУЛАРДЫН ЭМОЦИОНАЛДЫК ИНТЕЛЛЕКТИН ӨНҮКТҮРҮҮ ҮЧҮН ТАРБИЯЛЫК ИШТЕРДИ УЮШТУРУУ

Таабалдиева Айнура Абдырахмановна
ORCID: 0009-0009-0155-3866
Окутуучу, ОшМПУ
e-mail: ajnurutaabaldieva@gmail.com
Ураимова Динара
ORCID: 0009-0004-0059-4758
Магистрант, ОшМПУ
e-mail: dinarauraimova45@gmail.com

**Аннотация:** Бул макалада окуучулардын эмоционалдык интеллектин өнүктүрүүнүн маанилүүлүгү жана аны тарбиялык иштер аркылуу өркүндөтүү жолдору каралган. Эмоционалдык интеллект, бул өз сезимдерин түшүнүү, башкаруу жана башкалардын эмоцияларын кабыл алуу жөндөмү болуп, окуучулардын инсандык калыптанышына, коомго адаптация болушуна жана келечектеги ийгилигине чоң таасирин тийгизет.

Макалада эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү үчүн колдонулуучу негизги ыкмаларга токтолгон, анын ичинде психологиялык тренингдер, ролдук оюндар, көркөм адабият, театр элементтери жана рефлексиялык көнүгүүлөрдүн натыйжалуулугу баса белгиленет. Ошондой эле, окуучулар арасында достук атмосферасын түзүү, социалдык көндүмдөрдү өркүндөтүү, конфликттерди туура чечүүгө үйрөтүү жана топтук долбоорлор аркылуу кызматташтык маданиятын калыптандыруу маселелери каралат.

Эмоционалдык интеллектти калыптандырууда мугалимдердин, ата-энелердин жана коомдун биргелешкен аракеттери зарыл экени баса белгиленип, анын окуучулардын академиялык жетишкендиктерине, социалдык байланышты бекемдөөгө жана жашоодогу ийгиликтерине тийгизген оң таасири талкууланат.

**Ачкыч сөздөр:** Эмоционалдык интеллект, эмпатия, социалдык көндүмдөр, сезимдерди башкаруу, психологиялык тренинг, театр элементтери, рефлексия, класстагы атмосфера.

# ОРГАНИЗАЦИЯ ВОСПИТАТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ ДЛЯ РАЗВИТИЯ ЭМОЦИОНАЛЬНОГО ИНТЕЛЛЕКТА УЧАЩИХСЯ

Табалдиева Айнура Абдырахмановна
ORCID: 0009-0009-0155-3866
Преподаватель, Ошгпу
e-mail: ajnurutaabaldieva@gmail.com
Ураимова Динара
ORCID: 0009-0004-0059-4758
Магистрант, ОшМПУ
e-mail: dinarauraimova45@gmail.com

**Аннотация:** В этой статье рассматривается важность развития эмоционального интеллекта учащихся и способы его улучшения с помощью образовательной работы. Эмоциональный интеллект, который представляет собой способность понимать свои собственные эмоции, управлять ими и принимать эмоции других, оказывает большое влияние на формирование личности учащихся, их адаптацию к обществу и их будущий успех.

В статье рассматриваются основные методы, используемые для развития эмоционального интеллекта, в том числе психологические тренировки, ролевые игры, художественная литература, театральные элементы и подчеркивается эффективность рефлексивных упражнений. Также будут рассмотрены вопросы создания атмосферы дружбы между учащимися, развития социальных навыков, обучения правильному разрешению конфликтов и формирования культуры сотрудничества посредством групповых проектов.

Подчеркивается, что для формирования эмоционального интеллекта необходимы совместные усилия учителей, родителей и общества, и обсуждается его положительное

влияние на академическую успеваемость учащихся, укрепление социальных связей и жизненный успех.

**Ключевые слова:** эмоциональный интеллект, сочувствие, социальные навыки, управление эмоциями, психологическое обучение, элементы театра, рефлексия, атмосфера в классе.

## ORGANIZATION OF EDUCATIONAL WORK FOR THE DEVELOPMENT OF STUDENTS' EMOTIONAL INTELLIGENCE

Tabaldieva Ainura Abdrakhmanova
ORCHID: 0009-0009-0155-3866
Teacher, Shspu
e-mail: ajnurutaabaldieva@gmail.com
The Uraimov Dinar
ORCHID: 0009-0004-0059-4758
Master's student, OSHMPU
e-mail: dinarauraimova45@gmail.com

**Abstract:** This article examines the importance of developing students' emotional intelligence and ways to improve it through educational work. Emotional intelligence, which is the ability to understand one's own emotions, manage them, and accept the emotions of others, has a major impact on students' personality formation, their adaptation to society, and their future success.

The article discusses the main methods used to develop emotional intelligence, including psychological training, role-playing games, fiction, theatrical elements, and emphasizes the effectiveness of reflexive exercises. The issues of creating an atmosphere of friendship between students, developing social skills, teaching proper conflict resolution and forming a culture of cooperation through group projects will also be considered.

It is emphasized that the formation of emotional intelligence requires the joint efforts of teachers, parents and society, and discusses its positive impact on students' academic performance, strengthening social ties and life success.

**Keywords:** emotional intelligence, empathy, social skills, emotion management, psychological training, elements of theater, reflection, classroom atmosphere,

Билим берүүдө окуучулардын интеллектуалдык өнүгүүсү гана эмес, алардын эмоционалдык дүйнөсүн да өнүктүрүү чоң мааниге ээ. Эмоционалдык интеллект, бул өз сезимдерин түшүнүү, башка адамдардын эмоцияларын кабыл алуу жана социалдык чөйрөдө туура мамиле кыла билүү жөндөмү. Бул сапаттар окуучулардын инсандык калыптанышында, коомдо ийгиликтүү адаптация болушунда жана келечектеги жашоосунда маанилүү роль ойнойт. Демек, тарбиялык иштерди уюштуруу аркылуу алардын эмоционалдык интеллектин өнүктүрүү, мугалимдердин жана тарбиячылардын негизги максаттарынын бири болот.

Окуучуларга билим берүүдө алардын ички дүйнөсүнө, эмоцияларын башкаруу жөндөмүнө, эмпатия (башка адамдардын эмоцияларын түшүнүү жана аларга сезимталдык менен мамиле кылуу жөндөмдүүлүгү) жана социалдык адаптация сыяктуу сапаттарына көңүл буруу зарыл. Бүгүнкү күндө коомдук жашоо тездик менен өзгөрүп, адамдар ортосундагы байланыштар ар түрдүү формада өнүгүп жаткан шартта эмоционалдык жактан туруктуулук жана стресске туруштук берүү жөндөмү өтө маанилүү. Эгерде бала өз эмоциясын туура анализдей албаса, кыжырдануу, коркуу же өзүнө болгон ишенимдин төмөндүгү анын жетишкендиктерине жана коомдук жашоосуна терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

Эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү ар кандай тарбиялык иш-чаралар аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн. Бул багытта окуучулар арасында достук атмосферасын түзүү, өз ара маданиятын жайылтуу жана бири-бирине түшүнүү менен мамиле кылууга үйрөтүү чоң мааниге ээ. Ата-энелер жана мугалимдер бул процессте негизги ролду ойнойт, анткени балдар биринчи кезекте чоңдордун жүрүм-турумунан үлгү алышат. Эгерде окуучулар мугалимдердин ортосундагы сый-урматка, боорукер мамилеге күбө болушса, алар да бул баалуулуктарды өздөштүрө башташат. [1]

Тарбиялык иштерди уюштурууда психологиялык тренингдерди, топтук дискуссияларды, ролдук оюндарды, көркөм адабиятты жана театр элементтерин колдонуу натыйжалуу болот. Маселен, ар кандай кырдаалдарды чагылдырган драмалык оюндар аркылуу окуучулар өз эмоцияларын түшүнүп, аларды башкара билүүгө көнүгүшөт. Ошондой эле, окуучулар үчүн атайын рефлексиялык көнүгүүлөрдү жүргүзүү пайдалуу. Мисалы, күндөлүк жүргүзүү же күнүмдүк эмоцияларын сүрөт же текст түрүндө баяндоо. Бул алардын өзүнүн ички абалын жакшыраак аңдап, терс эмоцияларды оң багытка бурууга жардам берет. [3]

Дагы бир маанилүү аспект, конфликттик кырдаалдарды туура чечүүгө үйрөтүү. Мектеп чөйрөсүндө окуучулар бири-бири менен пикир келишпестиктерге кабылышы мүмкүн, бирок эгерде алар конфликттерди сабырдуулук жана түшүнүү менен чечүүнү үйрөнүшсө, бул алардын социалдык көндүмдөрүнүн калыптанышына алып келет.

Мындан тышкары, окуучулардын эмоционалдык интеллектин өнүктүрүүдө жамааттын ролу чоң. Командада иштөө жөндөмү, бири-бирине жардам берүү, башкалардын эмоцияларын баамдай билүү жана позитивдүү мамилелерди түзүү, булар да мектепте калыптандырылышы керек болгон маанилүү сапаттар. Ошондуктан, окуучуларды топтук долбоорлорго, кайрымдуулук акцияларына, социалдык долбоорлорго тартуу менен аларды жоопкерчиликке, боорукерликке жана эмпатияга тарбиялоо керек.

Эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү, бул узак жана үзгүлтүксүз процесс. Аны калыптандырууда мектептин, мугалимдердин, ата-энелердин жана жалпы коомдун биргелешкен иш-аракеттери маанилүү. Эгерде ар бир бала өз эмоциясын туура түшүнүп, башкалардын сезимдерин баалай билсе, анда алар күчтүү, өзүнө ишенимдүү жана коомго пайдалуу инсандар болуп өсөт. Бул тарбиялык иштерди туура уюштуруунун жана окуучуларга эмоционалдык жактан колдоо көрсөтүүнүн негизги максаты болуп саналат.

Эмоционалдык интеллект, бул ар бир инсандын жашоодо ийгиликке жетүүсүнө жардам берген маанилүү сапаттардын бири. Ал адамдын өзүнүн жана башкалардын эмоцияларын түшүнүү, көзөмөлдөө жана аларды туура багыттоо жөндөмүн билдирет. Эгерде окуучулар эмоционалдык жактан өнүксө, алар жашоо кырдаалдарына оңой адаптацияланып, коомго жигердүү аралашып, жеке жана кесиптик жашоосунда ийгиликтерге жетишет. [5.160]

Эмоционалдык интеллект төмөнкү төрт негизги компоненттен турат. Биринчиден, өз эмоциясын түшүнүү жана башкаруу, бул баланын өзүнүн ички дүйнөсүн анализдөө, кандай эмоцияларды башынан өткөрүп жатканын аңдоо жана аларды көзөмөлдөө жөндөмү. Окуучу кыжырдануу, коркуу же кубануу сезимдерин түшүнүп, аларды туура багыттай алса, анын жүрүм-туруму да жоопкерчиликтүү жана аң-сезимдүү болот. Бул сапат стресс менен күрөшүүдө, сабактарда ийгиликке жетүүдө жана адам менен болгон мамилелерде чоң роль ойнойт. [6.179]

Экинчи маанилүү аспект, башкалардын эмоцияларын түшүнүү. Бул эмпатияга негизделет, башкача айтканда адам өзүн башка бирөөнүн ордуна коюп көрүп, анын абалын сезе билүүсү керек. Окуучулар эмпатияны өнүктүргөндө, алар классташтарынын, досторунун жана үй-бүлөсүнүн сезимдерин жакшыраак кабыл алышат жана башкалар менен өз ара түшүнүүчүлүккө жетишет. Мындай сапаттар мектептеги достук мамилелерди бекемдейт жана коомдо боорукер адамдардын көбөйүшүнө шарт түзөт.

Үчүнчү компонент, социалдык байланыштарды жөнгө салуу. Бул окуучулар үчүн өтө маанилүү, анткени алар мектеп чөйрөсүндө ар кандай адамдар менен байланышта болушат жана топ ичинде иштөө көндүмдөрүн өздөштүрүүлөрү керек. Эгерде бала эффективдүү баарлашуу, өз оюн так жана түшүнүктүү билдирүү, пикир келишпестиктерди туура чечүү көндүмдөрүнө ээ болсо, ал ар кандай кырдаалда өзүн эркин сезет жана ийгиликке жетет. Конфликттик жагдайларда эмоцияларды көзөмөлдөп, сабырдуулук менен туура чечим кабыл алуу жөндөмү, бул да эмоционалдык интеллекттин маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири.

Төртүнчү маанилүү сапат, мотивация жана эмпатия. Өзүнүн жана башкалардын сезимдерине көңүл буруу, адамдарга жардам берүүгө даяр болуу жана башкалардын кубанычы менен кайгысын тең бөлүшүү окуучунун инсандык өнүгүүсүнө чоң таасирин тийгизет.

Мотивациясы жогору окуучу кыйынчылыктарга багынбай, максаттарына жетүүгө умтулат. Эгерде бала башкаларга боорукер мамиле кылууну үйрөнсө, ал коомдо ар дайым сый-урматка ээ болот жана анын социалдык байланыштары бекемделет.

Эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү ар бир окуучунун инсан катары өсүшүнө түздөн-түз таасир этет. Ал өзүнүн ички абалын аңдап, эмоцияларын көзөмөлдөөнү үйрөнсө, ар кандай кырдаалда өзүн ишенимдүү алып жүрүүгө көнөт. Мындай жөндөмдөр окуучу үчүн мектептеги жетишкендиктерине гана эмес, келечекте ишкердикте, карьерада жана жеке жашоодо да ийгилик жаратуусуна шарт түзөт. Ошондуктан, мугалимдер жана ата-энелер балдардын эмоционалдык дүйнөсүнө маани берип, аларды туура тарбиялоо үчүн ар тараптуу колдоо көрсөтүшү керек. [7.13]

Окуучулардын эмоционалдык интеллектин өнүктүрүү максатында тарбиялык иштерди туура уюштуруу, бул алардын инсандык калыптанышына түздөн-түз таасир этүүчү маанилүү факторлордун бири. Мектептеги класстан тышкаркы иш-чаралар балдардын өз эмоциясын түшүнүүсүнө, аларды туура башкаруусуна, башкалар менен натыйжалуу байланыш түзүүсүнө жана коомго ийгиликтүү адаптация болушуна шарт түзөт. Бул үчүн бир катар тарбиялык методдорду жана усулдарды колдонуу зарыл.

Психологиялык тренингдер жана оюндар окуучулардын эмоционалдык интеллектин өнүктүрүүдө натыйжалуу ыкмалардын бири болуп саналат. Бул тренингдер аркылуу алар өз эмоцияларын аңдап, аларды башкара билүүнү үйрөнүшөт. Мисалы, “Эмоцияларды сүрөттөө” оюну окуучуларга ар кандай сезимдерди сүрөт, кыймыл же мимика аркылуу чагылдырууга мүмкүнчүлүк берет. Бул ыкма балдардын өзүнүн ички дүйнөсүн түшүнүүсүнө жардам берип, башкалардын эмоцияларын баамдоого үйрөтөт. Андан сырткары, “Ролдук оюндар” же “Кырдаалды чечүү” сыяктуу интерактивдүү ыкмалар да окуучулардын социалдык көндүмдөрүн жана эмпатия сезимин өнүктүрүүдө натыйжалуу. [2]

Достук жана кызматташтык атмосферасын түзүү да эмоционалдык интеллектти өнүктүрүүнүн маанилүү бөлүгү. Окуучулар өзүн эркин жана коопсуз сезген чөйрөдө алардын эмоционалдык жактан өсүүсү жакшы жүрөт. Бул үчүн мугалимдер класста сый-урматка жана ачык баарлашууга негизделген маданиятты калыптандыруу керек. Ар бир окуучунун пикирин угуп, анын сезимдерине маани берүү, классташтар арасында түшүнүү жана колдоого багытталган иш-чараларды өткөрүү окуучулардын бири-бирине болгон боорукерлигин күчөтөт. [4]

Көркөм адабиятты пайдалануу да окуучулардын эмоционалдык дүйнөсүн байытуучу эң таасирдүү ыкмалардын бири. Көркөм чыгармалар аркылуу алар ар кандай каармандардын жашоосун, эмоцияларын жана окуяларын башынан өткөргөндөй сезимде болушат. Бул алардын эмпатиясын жана түшүнүү жөндөмүн жакшыртат. Ошондой эле, адабий каармандардын жүрүм-туруму тууралуу талкуу уюштуруу, алардын кабыл алган чечимдеринин себептерин изилдөө окуучулардын аналитикалык жана эмоционалдык ой жүгүртүүсүн өстүрөт.

Театр жана драмалык коюулар окуучуларга башка адамдардын көз карашын, сезимдерин жана ойлорун тереңирээк түшүнүүгө жардам берет. Театр оюндары аркылуу алар башка адамдардын ролуна кирип, ар кандай эмоционалдык кырдаалдарга туш болушат. Бул аларды стресске туруштук берүү, конфликттик кырдаалдарды туура чечүү жана социалдык байланыштарды жөнгө салуу жөндөмүнө үйрөтөт.

Жашоодогу кырдаалдарды талдоо жана алар боюнча дискуссия жүргүзүү окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн жана эмоциялык сезимдерин өркүндөтөт. Чыныгы жашоодо кездешүүчү көйгөйлөрдү чечүү боюнча дискуссияларды уюштуруу, мисалы, класста кандайдыр бир жаңжал чыккан учурда аны кантип туура чечүүгө болору жөнүндө талкуу жүргүзүү, окуучулардын көйгөйлөрдү анализдөөгө жана туура чечим кабыл алууга үйрөтөт. Мындай иш-чаралар балдардын кыйын кырдаалдарда өз эмоцияларын көзөмөлдөө жөндөмүн бекемдөөгө жардам берет. [2]

Жамааттык иштер жана топтук долбоорлор да окуучулардын эмоционалдык интеллектин калыптандырууда чоң роль ойнойт. Командада иштөө, жоопкерчиликти

бөлүшүү, бири-бирин угуу жана түшүнүү жөндөмдөрү балдардын социалдык байланыштарын бекемдейт. Бул үчүн мектепте волонтёрлук иштерди, кайрымдуулук акцияларын, социалдык долбоорлорду уюштуруу пайдалуу. Мындай иш-чаралар аркылуу окуучулар өз эмоцияларын башкара билүүгө, өз ара мамилелерди туура түзүүгө жана эмпатияны өнүктүрүүгө үйрөнүшөт.

Жыйынтыктап айтканда, окуучулардын интеллектуалдык өнүгүүсү менен катар алардын эмоционалдык дүйнөсүн калыптандыруу заманбап билим берүүнүн негизги максаттарынын бири болуп саналат. Эмоционалдык интеллект, бул өз сезимдерин түшүнүү, башка адамдардын эмоцияларын кабыл алуу жана социалдык чөйрөдө туура мамиле кыла билүү жөндөмү. Анын өнүгүшү окуучулардын инсандык калыптанышына, коомго ийгиликтүү адаптацияланышына жана келечекте жеке жашоосунда жана карьерасында ийгиликке жетүүсүнө шарт түзөт.

Эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү үчүн ар түрдүү тарбиялык ыкмалар колдонулат. Алардын катарына психологиялык тренингдер, ролдук оюндар, көркөм адабиятты пайдалануу, театр элементтери, рефлексиялык көнүгүүлөр, жамааттык иштер жана конфликттик кырдаалдарды чечүү көндүмдөрүн өнүктүрүү кирет. Бул ыкмалар окуучуларга өз эмоцияларын башкарууну, башкалардын сезимдерин түшүнүүнү жана коомдук мамилелерде болууну үйрөтөт.

Мугалимдер жана ата-энелер бул процессте негизги ролду ойношот, анткени балдар биринчи кезекте чоңдордун жүрүм-турумунан үлгү алышат. Эгерде мектеп чөйрөсүндө боорукердик, эмпатия жана өз ара сый-урматка негизделген атмосфера түзүлсө, анда окуучулар дагы бул баалуулуктарды өздөштүрүп, келечекте жоопкерчиликтүү жана эмоциялык жактан туруктуу инсандар болуп өсүшөт.

Жыйынтыктап айтканда, эмоционалдык интеллектти өнүктүрүү – бул үзгүлтүксүз жана комплекстүү процесс. Аны натыйжалуу ишке ашыруу үчүн билим берүү мекемелери, ата-энелер жана коом биргеликте аракет кылышы керек. Эгерде ар бир бала өзүнүн жана башкалардын эмоцияларын туура түшүнүп, башкарууга үйрөнсө, анда коомго пайдалуу, жоопкерчиликтүү жана ийгиликтүү инсан болуп жетилет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Жумабаева Гүлайым Абдысаматовна- «Тарбиялык процессте окуучулардын көйгөйлөрүн чечүүгө карата класс жетекчилерге жардам» Бишкек – 2019
2. https://kix.taalimforum.kg/images/conference/conference-2022/brochure-kg.pdf
3. https://edu.gov.kg/media/kg2.pdf
4. https://arch.kyrlibnet.kg/uploads/NSUMOYUTOVA2023-2.pdf
5. Жалилова, С. Улуттук каада-салттын студент жаштардын рухун жана адеп-ахлагын өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү / С. Жалилова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2021. – No. 1(17). – P. 152-157. – EDN SXNJQM.
6. Шаяхметова, Л. А. Студентоцентризм в эпоху цифровизации / Л. А. Шаяхметова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2022. – № 1-1(19). – С. 179-182. – EDN DFPJPM.
7. Досбаева, Г. Э. Орто мектептерде информатика предметин окутууда маалыматтык - коммуникациялык технологиялардын ролу / Г. Э. Досбаева // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2023. – No. 1(21). – P. 13-17. – DOI 10.56122/..v1i1.64. – EDN CFDGYE.